**2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттигинде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

2024-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 17-июлундагы №06-1/487 буйругунун негизинде, аудитор П.С.Батировдун жетекчилиги алдында мамлекеттик инспекторлор К.С. Зайналов жана А.А. Суранбаевалар тарабынан 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттигинде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Аудиттин жооптуу тарабы жана субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттик эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттигинин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин бюджетинин аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Ишти аткарууда колдонулган аудитордук стандарттар**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Аудиттин предмети**

Улуттук агенттиктин ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин масштабына кирген маселелер төмөнкүлөрдү камтыды:

- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит;
- штаттык бирдиктердин жана эмгек акы төлөө фондусунун туура түзүлүшүнө аудит;
- командировкалык чыгымдарынын ченемдерин белгилөө жана аларды ордун толтуруу тартибине аудит;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын иш жүзүндө аткарылышына аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын анализи;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулугун жүргүзүлүшүнүн абалын баалоо.

**Аудит критерийлери**

Аудиттин критерийлери болуп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин бюджетинин аткарылышын жөнгө салган төмөндөгү ченемдик укуктук актылар болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында инвестициялар жөнүндө» Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы эркин экономикалык зоналар жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-мартындагы №75 "Инвестициялар чөйрөсүндөгү башкаруу системасын өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык потенциалын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы;

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору:

- 2022-жылдын 30-июнундагы №353 "2022-2026-жылдары Кыргыз Республикасында мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө";
- 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз

Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө”;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:

-2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө”;

- 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө”;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык- материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамасы;

- Ички түзүмдүк иш кагаздар (буйруктар, жобо, устав, көрсөтмөлөр ж.б.) жана башка укуктук ченемдик актылар.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгил ичинде насыяларды тескөөчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

- *биринчи кол коюу укугу менен:* директорлор: 2022-жылдын 26-сентябрына чейин Р.А.Сабиров, 2022-жылдын 26-сентябрынан тартып 2023-жылдын 7-сентябрына чейин У.Т.Темиралиев, 2023-жылдын 7-сентябрынан азыркы учурга чейин Т.О. Иманов;

- *экинчи кол коюу укугу менен:* башкы бухгалтерлер: 2024-жылдын 10-мартына чейин милдетин аткаруучу Кадырбек кызы М., 2024-жылдын 1-апрелинен тартып азыркы учурга чейин Р.А. Арсымканов.

**Аткарылган иштин кыскача баяндалышы**

Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттигинин ишине байланыштуу ички ченемдик укуктук документтер жана финансы боюнча отчёттор изилденди, ошондой эле мекеменин иши боюнча маалыматтарды чогултуу боюнча жооптуу адистер менен жолугушуулар жүргүзүлдү.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштин натыйжасында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиги тарабынан бюджеттин аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде мыйзам талаптарына (белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келери аныкталды.

**Аудиттин субъектисине кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттигинин жобосу Кыргыз Республикасынын

Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги ПЖ №115 Жарлыгы менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттик (мындан ары - Улуттук агенттик) бирдиктүү мамлекеттик инвестициялык саясатты, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык экономикалык ишти жүзөгө ашыруу үчүн өзгөчө (атайын) режими бар эркин жана башка экономикалык зоналарды өнүктүрүү жаатындагы саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, чет өлкөлүк инвестицияларды тартууну координациялоо, экспортту илгерилетүү, инвесторлорду коргоо, эл аралык финансылык институттар жана чет өлкөлүк өкмөттүк финансы уюмдары менен кызматташуу үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган.

Улуттук агенттик "Кыргыз Республикасынын Инвестициялар жана өнүктүрүү боюнча агенттиги "KADI" мамлекеттик мекемесинин укук улантуучусу болуп эсептелет.

Улуттук агенттиктин негизги милдеттери:

- инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу жана инвестициялык активдүүлүктү, экспортту өбөлгөлөө;

- эки тараптуу жана көп тараптуу форматта эл аралык экономикалык жана финансылык институттар, чет өлкөлүк өкмөттүк, финансы уюмдары менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү, эл аралык уюмдардын жана фонддордун долбоордук (тематикалык) инвестицияларын тартууга көмөктөшүү;

- инвестициялык долбоорлорду, анын ичинен мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорунун базасында ишке ашыруунун жүрүшүнө системалуу мониторинг жүргүзүүнүн негизинде өлкөнүн экономикасына тартылуучу чет өлкөлүк инвестицияларды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу;

- инвестицияларды тартуу жана илгерилетүү, ошондой эле экспорт боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык жана региондор аралык тышкы экономикалык байланыштарын өнүктүрүү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык экономикалык ишти жүргүзүүнүн өзгөчө (атайын) режимине ээ болгон эркин жана башка экономикалык зоналарды өнүктүрүүгө инвестицияларды тартуу;

- Кыргыз Республикасынын аймагында инвестициялык ишти жүргүзүүдө келип чыгуучу инвестициялык талаш-тартыштарды чечүүгө көмөктөшүү.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин алдындагы Мамлекеттик жеке-өнөктөштүк борбору Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору" (мындан ары - МЖӨ борбору) мамлекеттик мекемесинин укук улантуучусу болуп саналат. МЖӨ борбору Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин ведомстволук бөлүмү статусунда иштеген мамлекеттик

орган жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун координациялоо боюнча орган.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жазма буйругунун аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

2019-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинде жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча 2024-жылдын 04-апрелиндеги №01-23/97 сунуштаманын Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдындагы "Мамлекеттик жеке-өнөктөштүк борбору" (азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин алдындагы Мамлекеттик жеке-өнөктөштүк борбору) боюнча 9-пункту аткарылган эмес. 48,9 миң сомду калыбына келтирүү боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат берилген эмес.

**Сунуштама**

Мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча 2024-жылдын 04-апрелиндеги №01-23/97 сунуштаманын 9-пунктунун аткарылышы камсыздалсын.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиги**

2022-2023-жылдар аралыгында Улуттук агенттик тарабынан ар кайсы өлкөлөр менен инвестицияларды тартуу боюнча 36 меморандум түзүлгөн.

Мындан тышкары, 2022-2023-жылдарга инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча 470,0 млн. долларлык 3 инвестициялык макулдашууга кол коюлган.

Инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу максатында 2022-2023-жылдары Улуттук агенттик жалпы суммасы 2,2 млрд АКШ долларын түзгөн 14 инвестициялык долбоорду колдоого алган, анын ичинен 2024-жылга карата 48,6 млн АКШ долларынан ашыгы өздөштүрүлгөн.

**Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит**

**2022**-жылга карата бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметасы жалпысынан 65759,5 миң сомго бекитилип, жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 53872,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 42430,2 миң сомго аткарылып, ал эми факт жүзүндөгү чыгымдар 40149,6 миң сомго жүргүзүлгөн.

**2023**-жылга карата бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметасы жалпысынан 58376,0 миң сомго бекитилип, жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 81716,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 73793,8 миң сомго аткарылып, ал эми факт жүзүндөгү чыгымдар 72196,4 миң сомго жүргүзүлгөн.

2023-жылы 2022-жылга салыштырмалуу жалпы чыгымдар 31363,7 мин сомго көбөйгөн, анын ичинен негизинен эмгек акынын жогорулашына байланыштуу эмгек акыга жана Социалдык фондго төлөмдөргө 9549,2 мин

сомго, иш сапарлык чыгымдарга 7106,6 мин сомго, башка чыгымдарга 10704,3 мин сомго жана резервдик фондго 5320,2 мин сомго ж.б.

Жалпысынан Улуттук агенттик боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен **2 885,3 миң сом** суммасында финансылык тартип бузуулар, республикалык бюджеттин кирешелеринин резервдери жана жоготуулары аныкталган, анын ичинен:

- иш сапарларына кеткен чыгымдарды негизсиз эсептен чыгаруу – 268,2 миң сом.
- эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 2 617,1 миң сом.

**Штаттык бирдиктердин жана эмгек акы төлөө фондусунун туура түзүлүшүнө аудит**

Улуттук агенттигинин аппаратынын штаттык бирдиги 01.01.2023-жылга карата 52,0 бирдик менен, анын ичинде кенже тейлөөчү кызматкерлер 10,0 бирдик менен, бир айлык эмгек акы фонду 2088,8 мин сом өлчөмүндө Улуттук агенттиктин директору тарабынан бекитилген.

Улуттук агенттик тарабынан берилген маалымат боюнча **2022**-жылы башкармалыктын кызматкерлерине жалпысынан 24682,6 миң сомдук эмгек акылары эсептелинип, анын ичинен; киреше салыгына 1886,1 миң сом, социалдык төлөмдөргө (8-10%) 1622,9 миң сом, мамлекеттик пенсиялык топтоо фондго 2% 403,0 мин сом жана профсоюздук төлөмдөргө 196,7 миң сом кармалып, төлөнгөнү 20542,4 миң сомду түзгөн.

**2023**-жылы башкармалыктын кызматкерлерине жалпысынан 33345,5 миң сомдук эмгек акылары эсептелинип, анын ичинен: киреше салыгына 2554,7 миң сом, социалдык төлөмдөргө 2068,6 миң сом, мамлекеттик пенсиялык топтоо фондго 512,0 мин сом, профсоюздук төлөмдөргө 252,8 миң сом жана алиментке 124,5 мин сом кармалып, төлөнгөнү 27832,9 миң сомду түзгөн. 2023-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз 31,0 мин сом түзүп, 2023-жылдын 31-декабрына карата 12,5 мин сом дебитордук карыз бар.

**Аныкталды жана корутунду**

Улуттук агенттиктин 2022-жылдын 9-ноябрындагы №99-н буйругу менен Улуттук агенттиктин эсепчиси Кадырбек кызы Мээргүлгө 2022-жылы **101,0 миң** негизсиз эки айлык эмгек акы өлчөмүндө материалдык жардам көрсөтүлгөн, жогорудагы акча каражаты чыгашалар сметасында каралган эмес.

**Сунуштама**

Мекеменин чыгашалар сметасында каралбаган материалдык жардамдарды төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен, иш сапар чыгымдарды тастыктоочу документтери жок болгонуна карабастан кызматкерлерге **203,1 миң сомго** ашыкча төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарын бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана ашыкча төлөнгөн 203,1 миң сом суммасында иш сапар чыгымдары бир айлык мөөнөттө тиешелүү түрдө калыбына келтирилсин.

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча Улуттук агенттиктин алдындагы Мамлекеттик жеке-өнөктөштүк борбору (Мамлекеттик жеке-өнөктөштүк борбору)**

Мамлекеттик жеке-өнөктөштүк борборунун **2021-жылга** карата бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметасы жалпысынан 11066,9 миң сомго бекитилип, жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 7275,5 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 7275,5 миң сомго аткарылып, ал эми факт жүзүндөгү  чыгымдар 7510,0 миң сомго жүргүзүлгөн.

**2022-жылга** карата бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметасы жалпысынан 13307,7 миң сомго бекитилип, жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 14097,4 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 13436,8 миң сомго аткарылып, ал эми факт жүзүндөгү  чыгымдар 13406,4 миң сомго жүргүзүлгөн.

**2023-жылга** карата бюджеттик каражаттарынын чыгымдар сметасы жалпысынан жыл ичинде өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен 17235,4 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 15712,1 миң сомго аткарылып, ал эми факт жүзүндөгү  чыгымдар 15332,0 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Штаттык бирдиктердин жана эмгек акы төлөө фондусунун туура түзүлүшүнө аудит**

Улуттук агенттигинин МЖӨ борборунун аппаратынын штаттык бирдиги 01.01.2023-жылга карата 19,0 бирдик менен, анын ичинде кенже тейлөөчү кызматкерлер 4,0 бирдик менен, бир айлык эмгек акы фонду 608,0 мин сом өлчөмүндө   Улуттук агенттиктин директору тарабынан бекитилген.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар)" 42-главасынын 17-пункту Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтомуна ылайык күчүн жоготкондугуна карабастан, 2022-жылдын август айынан баштап 2022-жылдын 31-декабрына чейин негизги эмгек акыга 464,7 миң сом жана 13-эмгек акыга 92,9 миң сом (464693/5=92938 сом), жалпы 557,6 миң сом суммасында үстөк акы төлөнгөн жана ага 17,25% социалдык төлөмдөр 96,2 миң сом эсептелген. Негизсиз төлөнүп берилген акча каражаты 653,8 миң сомду түзөт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинде (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар)” каралбаган үстөк акы төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №849 токтому менен 2015-жылдын 6-апрелиндеги “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” №197 токтомунун 3-пункту жокко чыгарылган.

Ага карабастан, 2021-жылдын декабрь айында мекеменин бардык кызматкерлерине 454,5 миң сом сый акы негизсиз төлөнүп берилген, ага 17,25% социалдык фондго төлөмдөр 78,4 миң сом эсептелген. Негизсиз төлөнүп берилген акча каражаты **532,9 миң сомду** түзөт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунда сый акы төлөө каралган эмес.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2022-жылдын 21-декабрындагы №13-1/15205 электрондук түрдө түшкөн катында мамлекеттик бардык категориядагы кызматкерлердин (мамлекеттик жана муниципиалдык) эмгек акы фондусунан жылдын аягында үнөмдөлгөн акча каражатын сый акыга пайдаланууга каралган эмес.

Ага карабастан, 2022-жылы - 708,8 миң сом жана 2023-жылы - 425,0 миң сом сый акы төлөнүп берилген. Баардыгы 1133,8 миң сом, ага 17,25% Социалдык фондго төлөмдөр 195,6 миң сом эсептелген.

Негизсиз төлөнүп берилген акча каражаты **1329,4 миң сомду** түзөт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунда каралбаган сый акы төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана мындан ары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, токтомдорунда каралбаган сый акы төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, иш сапар чыгымдарды тастыктоочу документтери жок болгонуна карабастан кызматкерлерге 65,1 миң сомго ашыкча төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун талаптарын бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана ашыкча төлөнгөн 65,1 миң сом суммасында иш сапар чыгымдары бир айлык мөөнөттө тиешелүү түрдө калыбына келтирилсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **П.С. Батиров**